УДК- 398.83 https://doi.org/10.56122/..v1i2.204

# СЫДЫК АЛАЙЧИЕВДИН ЫРЛАРЫНЫН ИДЕЯЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК БӨТӨНЧӨЛҮГҮ
# ИДЕЙНО-ТЕМАТИЧЕСКОЕ СВОЕОБРАЗИЕ СТИХОВ СЫДЫКА АЛАЙЧИЕВА
# IDEOLOGICAL AND THEMATIC UNIQUENESS OF CYDYK ALAICHIEV'S POEM

**Келдибай кызы Майрамкан**
**ф.и.к., доцент ОшМПУ**
**mairam.84@mail.ru**

***Аннотация***

*Бул макалада элдик акын Сыдык Алайчиевдин ырларынын идеялык-тематикалык бөтөнчөлүктөрү каралат. Сыдык Алайчиевдин ырчылыкка аралашуусу, акын катары калыптануу этаптары, чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү өзүнчө бир бөтөнчөлүккa ээ. Ал чыгармачылыгын алгач төкмөлүктөн баштаган. Андан соң ал биротоло ырчылыкка өтүп, ошону менен катар эле мугалимдик кесипти да аркалап, ар кыл тематикада ырларды жаратууну да уланткан. Макалада акындын ар кандай мезгилде ар кыл тематикада жазылган ырларын талдап, алардын идеялык өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү башкы максатыбыз болду. Жогоруда аталган маселелер терең талданып, акындын ырларынын тематикасы анализге алынды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *акын, төкмөлүк, ыр, идея, тема, элдик оозеки чыгармачылык, айтыш, көркөмдүк өзгөчөлүк, синкретизм.*

***Аннотация***

*В данной статье рассматриваются идейно-тематические особенности стихотворений народного поэта Сыдыка Алайчиева. Занятие Сыдыка Алайчиева пением, этапы его становления как поэта, особенности творчества уникальны. Свою деятельность он начал как импровизатор. После этого он навсегда переключился на пение, одновременно работая преподавателем и продолжая создавать песни на различные темы. В статье нашей основной целью было проанализировать стихотворения поэта, написанные на различные темы в разные периоды, и выявить их идейные особенности. Были глубоко проанализированы вышеперечисленные вопросы, а также проанализированы темы стихов поэта.*

***Ключевые слова****: поэт, поэзия, песня, идея, тема, народное творчество, речь, художественная особенность, синкретизм.*

***Annotation***

*This article examines the ideological and thematic peculiarities of the poems of the folk poet Cydyk Alaichiev. Cydyk Alaichiev's involvement in singing, the stages of his formation as a poet, and the features of his work are unique. He started his work as an improviser. After that, he permanently switched to singing, and at the same time, he also worked as a teacher and continued to create songs on various themes. In the article, our main goal was to analyze the poet's poems written on various themes in different periods and to reveal their ideological features. The above-mentioned issues were deeply analyzed, and the themes of the poet's poems were analyzed*

***Key words:*** *poet, poetry, song, idea, theme, folk art, speech, artistic feature, syncretism.*

Сөздөрдү тизмектетип кереметтүү ырга айлантып, турган жеринен эле уйкаштырып төгүп ырдап жиберүү өнөрү кыргыздарга гана таандык бирден бир уникалдуу кубулуш. Бул өнөр дүйнөлүк маданиятта өзүнчө бир искусство катары каралып келгени маалым.

«Чындыгында, тематика тандабастан, өз өмүрүндөгү баамы жетип, көргөн-билгендерин акыл таразасынан кылдат өткөрүп келип, акындык талантына жараша, бир укканда эле эсте калчу табигый учкул тизмектер менен термелеп жиберүүчү төкмөлүгүнө –

санатчылык, ири масштабдагы дастанчы, «манасчы», ошондой эле артисттик, аткаруучулук, күүчүлүк, обончулукту синкреттештирген ашкан виртуоздук чеберчиликтеги бул татаал өнөр ээлерине таӊ бербей коюуга мүмкүн эмес. Кыргыздардын башка элдерден өзгөчөлөнгөн мээнеткечтиги, ыр токуй билүүчүлүктөгү уникалдуулугу дал ушул – төкмөлүгүнөн айкын көрүнөт»[3, 24], - деп окумуштуу А.Обозканов даана белгилеп кеткендей, бул өнөр кыргыз элинин сейрек кездешүүчү табият ыроологон шыбагасы. Академик М.Ауэзов да төкмөлүктүн табиятын жетик түшүнүп, бул өнөрдү «кындан кылыч сууругандай, жалт эткич, өткүр өнөр» [2, 10] катары баалаган.

Бул өнөрдүн туу чокусуна жеткен кыргыз акындарын санай турган болсок, Арстанбек, Чоӊду, Эсенаман, Музооке, Калмырза, Жеӊижок, Токтогул, Эшмамбет, Калык, Барпы, Сүйүнбай, Кулманбет, Шернияз ж.б. Бул төкмөлөрдүн артынан ээрчип, өнөрүн үйрөнүүгө далалат кылган жоон топ шакирттери да болгон. Мына ошолордун катарына биз Бала ырчы деген ат менен таанылган Сыдык Алайчиевди кошсок болот. Чыгармачылыгын бала кезинен төкмөлүк, жамакчылык менен баштап, ар кыл кырдаалдарда ар кандай ырчылар менен айтышып такшалуу жолун баштан кечирип, Сыдык акын өзүн эл арасына тааныта алган. Айтыштары эл арасында аӊыз кеп болуп айтылып, Бала ырчы деген атак алып келди. Замандын шары менен С. Алайчы дагы билим алып, андан мугалимдик кесипке өтүп, өмүрү өткөнчө балдарга билим, тарбия берип, ошону менен катары эле чыгармачылыгын да таштабастан өз мезгилинин жарчысы катары ар кыл тематикада ырларды жаратып, өз изин калтырып кете алды. Башка замандаш акындары сыяктуу эле С. Алайчиев да Совет өкмөтүнүн келишин ырга салып, андагы жаӊылыктардын, өзгөрүштөрдүн баарын колдоп, коштоп ырга салып жаӊы заманга өз үнүн кошо алган. Өлкөдө болуп жаткан өзгөрүштөргө бир эсе суктануу, бир эсе таӊдануу менен бир да календардык теманы калтырбай келгендигине «Ликбез жөнүндө», «Колхозго киргенде», «Басмачылар», «Шайлоочулар», илим, билим жөнүндө «Мектеп», «Билим» аттуу ырлары күбө боло алат.

Колума алдым каламды,
Кыдырып чыктым ааламды.
Ааламда жүрсөм кыдырып,
Ар нерсе мага билинди.
Сүйлөтөм кызыл тилимди
Акылыӊ болсо, жаш балдар
Жашында тапкын илимди [1,38-б], - деп жаштарды билим алууга, ак эмгек кылууга үндөгөн. Акындын ырларынын көпчүлүгү элдерди, жаштарды илим-билим алууга үндөгөн чакырык коштоп, жаӊы заманга болгон зор канааттануу байкалат. Ал эми төмөнкү ыр саптарында ушул эле ой улантылат:

Сүйлөтөйүн тилимди,
Кишилер, уккун үнүмдү.
Беш күндө өтөр өмүрдө
Бекем туткун билимди [1, 40-б] – деп илим-билимдин пайдасы тууралуу айтуудан чаалыккан эмес. Дегеле акын жашоонун ар кыл жагдайларынан кеп козгоп, бардык темага кайрылган десек да болот. Ошого жараша ырларынын жанры да ар түрдүү. Өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн мугалимдикке арнаган акындын ырлары да көбүнчө дидактикалык маанайда болуп, акыл-насаат айтуучулук мотив басымдуулук кылат. «Ушунун баары акындын акыл таразасына салып, пир туткан идеясына карата жасаган мамилесинин жыйынтыгы» [1, 18-б] – деп, изилдөөчү Г. Орозова туура белгилегендей, Сыдык акындын жашоого болгон көз карашы анын ырларында таамай берилет. Анын жашоо-тумуш тууралуу философиялык ой калчоолору да бир топ жакшы чыккан.

А десем санат ыр келет.
Атасынан сызылып,
Энесинен туулуп,
Дүйнөгө адам бир келет [1, 39], - деп акын адам өмүрүнүн ар кыл курагын санактап, алардын өзгөчөлүгүн ачып берет.

Аялдар темасы Сыдык Алайчиевдин чыгармачылыгында өзгөчө маани берилип сүймөнчүк менен ырдалган десек жаңылышпайбыз. Анткени, акын аялдардын коомдогу ордун, кадыр-баркын, турмуш-тиричиликтеги ролун ырга салууда башка замандаш акындардан таасир алгандыгы, алардын ырларына үндөшүп кеткендиги окуган адамга дароо эле байкалат.

Санат бул кебим аялдан,
Чын берип эми аяндайм.
Жакшысы менен жаманы,
Жай алып ушу баяндан.
Алкашсын, мейли каргашсын.
Алардан эми аянбайм [1, 48-б], - деп санатын баштайт да, аялдар тууралуу кең-кесири баяндайт.

Жакшы аялдын шаани бу –
Жүда бир сөзү маанилүү.
Ажары ачык, жагымдуу,
Ачканы ошо багыңды.
Айтылган сөздүн аныгы.
Орундуу сүйлөп жылмайып,
Отунан ичке нур жайып.
Куш кылып коёт чагыңы.
Кумарың козгоп келбети,
Сындырбайт асти шагыңды [1, 49] – деп жакшы аялдын сапаттарын санактап келип, жакшы аялга туш келген эрдин бактысы ачылып, жакасы агарып, үйү тазарып, ынтымак ыроолоп, ырыс-кешиги төгүлүп турарын ырга салат. Ушул эле ырында жаман аял тууралуу да кеп козгоп, мындайча сыпаттайт.

Жаман катын белгиси –
Жадатып бүтөт эрди ушу.
Жалжаңдаган шалп этек,
Жүйөөсү менен сүйлөбөй
Жиниңе тийип, тарк этет.
Жолобой качкын андайга,
Жөнү жок жерден барк кетет.
Аркырап алып бетиңден,
Асылып, ээрчип артыңдан,
Ажылдап каргап, тарп этет [1, 49-б] – деген саптар аркылуу туюнтат. Албетте, акында жаман аялды сүрөттөөдө ашыкча кетип калган артыкбаш, одоно сыпаттоолор да кездешет.Муну акындык ээлигүү деп койсок болчудай. Жакшы аял, жаман аял жөнүндөгү ырларында Барпы акындан таасир алганы байкалып турат.

Бирок акындын ашыктык ырларынын деңгээли дурус. Сүрөттөө манерасында чыгыш поэзиясынын таасири байкалганы менен акын бу ырларында акындык менди алып чыга алган. «Ак толгон», «Ашыглык ыры», «Ак чолпон», «Ыргал», «Лайликан» аттуу ыларында акын махабатка мас болгон, ашыктыктын дартын тартып жүргөн Мажнундун образын элестет.

Күл болуп кетем көргөндө.
Көздөрүң турса жоодурап,
Керилген марал өңдөнүп,
Келбетиң эсти оодарат.
Көркөмү артык сулувум,
Көвхардай таза тунугум.
Сүлдөрү калып, муңканган
Сүйүүңдүн өзүм кулумун! [1, 96-б] Ушундай керемет салыштыруулар аркылуу өз сезимдерин туюнтуп, ашыктыктыгы ашкере көркөмдүктө, сулуулукта сүрөттөлүп, ырдалат. Дегеле кыргыз элинин сүйүү ырларынын пафосу мына ушундай аракеттерди,

эңсөөлөрдү, умтулууларды, арман күү толо зарланууларды негизинен оптимисттик дух менен чагылдыргандыгында жатат десек жаңылышпайбыз. Мына ушундай таза акыл менен ташыган тунук эмоциянын айкалышынан жаралган учкул саптар акындын махабат лирикасында көп кездешет.

Акын ар кандай тематикадагы ырларында да Сыдык акын жаңы турмуштун жарчысы катары календардык темаларды козгой алган. «Эркиндик» деген ырында:

Эркиндиктин нуруна
Эл, жерим түгөл чөмүлдү.
Кайгыны айдап, унутуп,
Кубаныч каптап көңүлдү.
Байларга чындап кеч кирип,
Кедейдин таңы сөгүлдү [1, 139-б] – деп Октябрь революциясынын жеңишин өтө зор толкундануу менен кабыл алып, аны даңктоодон чарчаган эмес. Буга анын «Жаңы заман», «Ликбез», «Билим», «Ленин жөнүндө ыр», «Мектеп» аттуу ырлары да мисал боло ала алат.

Жыйынтыктап айтканда, акын Сыдык Алайчы өз доорунда жашап, чыгармачылык менен катар мугалимдик кесипти айкалыштырып, тынбай изденүүнүн артында ар кандай тематикада ырларды жаратып, мезгилге өз үнүн, өз изин калтырып кете алды. Анын ырларынын тематикасы ар түрдүү. Кайсы темада ырдабасын акын чыгармачылык менен идеяга төп келтирип, айтайын деген оюн так, даана жеткире алган.

Пайдаланылган адабияттар

1. Алайчиев С. Чыгармалар жыйнагы. / Жыйнакты түзгөн жана баш сөзүн жазган – Г.Ж.Орозова. – Б.: 2003. 152 б.
2. Ауэзов М. Китепте: Жамбыл. I том. Баш сөз. – Алматы, 1996. 10-б
3. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. – Б.: «Шам», 2006. – 264 б.
4. Обозканов А. Калык Акы уулунун көп кырдуу чыгармачылык өнөрканасы. Монография. – Бишкек, 2000.
5. Таштемиров Ж. Токтогул жана акындык поэзия. Ф.: Илим, 1980